С кырг.
Ж 64

СУРАНЧЫ ЖЕТИМИШОВ

# КАРГАША

(уламыш)




Скырг.
Ж 64

СУРАНЧЫ ЖЕТИМИШОВ

# КАРГАША

*(уламыш)*




ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 472326
ИНФОРМАЦИОННО-КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

Ош – 2009

С.Жетимишов. «Каргаша» (уламыш).
Ош шаары. 2009. 16 бет.

Уламышта ач көздүк, сараңдык жана боорукердик адамгерчилик маселелери жөнүндө кеңири сөз болот.

Негизгиси жаратылыш, жан-жаныбарларга астейдил мамиле кылуу идеясы көтөрүлүп, элдик айтымдын негизинде чыгарма жаралган.



Илгери-илгери өткөн заманда жеринде байлыгы мол, ынтымактуу эл, ээн-эркин жашаган экен. Күндөрдүн бир күнүндө бейгам жаткан элди капылеттен, сырттан келип жоо чабат. Катуудан казан, жумшактан күл калтырышпай жер бетин чаң чыгара сапырышат. Каршылык көрсөткөндөрдү өлтүрүшөт. Эртеңки кекти кубалар жан калтырышпай өрттөшөт. Чабылган элдин калгандарын кул, күң кылып жумшамакка байлап, айдап кетишет. Өлгөндөрдүн денелерин заматта карга- кузгун талап, эли жок талаа ээнсиреп кала берет.


Жан алакет менен кокту-колотко, аңга түшүп, жар-коңулга жашынып качып, бирин-экин майда балдар, колунда бөбөгү бар келин, жап-жалгыз казанын көтөргөн кемпир аман калат. Алар жоо кеткен соң, ыйлап-сыкташып, бирин-бири жетелешип, коркунуч



баскан айылдан алысташат. Ачка калышып, арып-чарчап, кыйналыша тоону көздөй жөнөшөт.

Балалуу келин өтө сабырдуу, акылдуу, боорукер жан экен. Балдардын ыйлагандарын соорутот, ачкаларын тойгозот. Алар тоо бетиндеги токойдо эптеп жер-жемиштерди: бүлдүркөн, чие, карагаттарды ж. б. терип жешип эптеп, жан багып, күн өткөрүшөт. Түнкүсүн коркушуп, дайым от жагышчу экен. Жырткычтар оттон качышып, аларга жакын келе алышпайт. Коркунучсуз от боюндагы балдарга кайберендер үйүр ала башташат. Түнкүсүн алардын жанына түнөшүп, күндүзү алыс кетишпейт.





Ачкарын балдардын абалын көрүп-билишип боору оорушкан кайберендер, алар кармашса качышпай, сааса сүттөрүн беришет. Келин идиштин жоктугунан кийик, марал, бугу, эликтерди ышкын, чүкүрү, аңдыз, ат кулактардын чоң-чоң жалбырактарына саап, балдарга берип, курсактарын тойгузчу экен.



Алар менен жүргөн кемпир жеткен саран болчу. Казанын төбөсүнө көтөргөн бойдон, жалгыз колотмо-колот кыдырып, кырдан-кырды ашып, тоо, токой ичиндеги канаттуулардын уясын издейт. Жумурткаларды таап, барган жерде от жагып, казанына бышырып жейт. Балапан болуп, жумурткадан чыгууга жакын калган кекилик-чил, кыргоолдордун жумурткаларын койбойт. Ал тургай чымчык-куштардын уяларына да суук колун салат. Шериктеринен казанын кызганат.



**Кемпир -** Бербейм. Казанымды эч кимге бербейм. Өзүм гана тамак бышырып ичем-деп, баса-турса өзүнчө сүйлөнө берчү.

Кекиликтердин сайраган үндөрү кемпирдин кулагына угулар замат, алардын уясын издеп жөнөчү. Себеби, ал канаттуу куштардын, кайберендердин тилин билген сыйкырдуу кемпир экен.

А короз кекиликтер эч нерседен бейкапар күнүгө үч маал өзүнүн атын шаңдуу атап, аска-зоону жаңыртчу .





**Кекилик -** Кекилик, кекилик,
Канаттуудан мен күлүк,
Жорголосом жеткирбейм.
Таштан-ташка секирип, - десе, эне кекилик басынкы үн менен:

**Кекилик -** Чик, чик-чирик, чик
Кекилик, кекилик.
Жорголосом жеткирбейм,
Далдоо жерге бекинип.
Жалбырактын түбүндө,
Жалаң чөптөн уям бар.
Жамгыр өтпөйт үйүмө,
Жазгырылат куугандар.
Жумуркалар он сегиз,
Чектим баарын, бүт тегиз,
Балапандар чыгышат,
Окшош, окшош бүт эгиз.
Кичинекей буттары,
Кыпкызыл тумшуктары.

Көзгө сүйкүм көрүнөт,
Сары болгон уруттары-дечү.

Аны уккан сараң кемпир, эне кекиликтин үнүн туурачу.

**Кемпир -** Кекилик, кекилик,
Алыс кетпе секирип,
Таштабагын уяңды,
Менден качпа, бекинип,
Кана, уяң кайда?
Кандай жайда?
Таштын коңулундабы,
Жалбырактын түбүндөбү?
Ишенимиңди актайын.

Жыркычтардан сактайын-деп, шашып чуркап, чайыр, андыз, аткулактардын түбүн тинтчү. Анан да өзүнчө кобурап:

**Кемпир -** Жумурткаларды табайын,
Бүт чогултуп, алайын.
Казаныма кайнатып,
Курсагыма салайын-деп издеп жөнөчү.

Уяны тапкан соң, жумурткаларды алып келип, казанга салып, куу жыгачтарды чогултуп, от жага баштоочу.

Кемпирдин бул кылыгынан кооптонгон кекилик, ага келип жалбарып:

**Кекилик -** Айланайын байбиче,
Жумурткаларга тийбегин?
Балапандарым жок,
Боздоп калып, жүрбөйүн?-десе





Сараң кемпир кекиликтин айткандарын укмаксанга салып, казандагы жумурткаларды кайнатмакка, шашыла отту үйлөчү.

**Кемпир -** Фу, -фу-фу! От тутангын,
Күй -күйүп жалында.
О, кайна казан, кайна?
Тезирээк бышсын табылга,
Ачка калбайм,
Казаным барында-деп, отту тегерете секирип, секирип бийлеп, алчу.

Мындай эки жүздүү, жалганчы кемпирди көргөн кекилик, аны жек көрүп, буттары менен тээп, канаттары менен чапкылап:

**Кекилик -** Тил албадың мастан!
Убалдан коркподуң,
Талаада өлгүн, ачтан.
Таш болуп кал, каткан!-деп каргайт.

Суугa кайнаган жумурткаларды сугалактык менен алып, аарчып жей баштайт. Балапан болуп калган жумурткалар, кайнагандан соң кургап калат эмеспи. Ага көңүл бөлбөгөн кемпир кызганыч, сугалактык

менен оозуна салып чайнап, маңызы жок, кургак даамды кайра түкүрөт.

**Кемпир -** Тфу-тфу! Ичи кургак,
Даамы жок-деп ачуусу келет.

Бир учурда коендун коркок бөжөгү элтеңдеп, эки жагын каранып, кулагын жапыра, жашырынып, кемпирге жакындап келет. Аны көрүп, кемпир сүйүнөт.



**Кемпир -** Аа, бөжөк. Кел, келегой?
Көзү алайган коркогум,
Жаныма келип оттогун,
Менин барымда, эч ким тийбейт
Бейгам бол, коркпогун!-дейт.

**Бөжөк -** Жок, жок. Мени тоспогун,
Жаныңа барбайм, коркомун.
Апам «Сак бол!» бол деп, эскерткен.
Сен, желмогуз кемпир болбогун!

**Кемпир -** Ок! Кыйшык көз, майрык!-деп кубалайт.

Ошентип отурганда таштан-ташка секирип, ойноп жүргөн эликтин чаарчыгы келет. Ал кемпирди көрүп, түтүндүн ачуу жытын сезип кыйкырат:

**Чаарчык -** Мээ, мээ!-Мэ, мээ!

Кемпир чаарчыкты көрүп сүйүнөт да, шарт ордунан туруп барып, куулана суроо салат.

**Кемпир -** Эмне болду, чаарчык?

**Чаарчык -** Менин энемди көрдүңбү?

**Кемпир -** Энең ким? – деп кытмырлык менен сурайт.





**Чаарчык** - Менин энем, мындай мүйүзү бар.

**Кемпир** - Ии, кайберендин улагы.
Кел, келе гой, коркпогун?
Сага эчким тийбейт .

Жанымда, бейгам оттогун – деп, куу кемпир чаарчыкты алдай баштайт.

**Чаарчык** - Менин энем, өтө боорукер, аябай жакшы – дейт чаарчык.



**Кемпир -** Ии, жакшынакай улагым,
Тикчиңдеген кулагың.
Жөн турбаган ордунда

Тентектенген чунагым-деп эркелетсе, чаарчык ага ишенип жакындап келет. Кемпир алдап, кармап алат. Чаарчык чочуп, анын колунан бошонууга аракеттенип булкунат.

**Чаарчык -** Мээ, мээ! Мээ-ээ!
Кое берчи?
Мээ-мээ!
Мени кармап алды-Мээ, мээ?
Жардамга, жардамга-аа!-деп чыйылдап кыйкырат.

Улагынын аянычтуу үнүн уккан элик, шашып чуркап келип, түрү суук кемпирдин колуна түшкөн чаарчыгын көрүп, бошотууну өтүнүп ага жалынат:



**Элик -** Айланайын адам энеси,
Ырайым кылыңыз?
Чаарчыгымды бошот
Мен анын энесимин?

**Кемпир -** А-а, бошотпойм. Кардым ачты, чаарчыгыңды жейм – дейт.

**Элик -** Жебегин эне баламды,
Жанына болгун аралжы.
Айтканыңды угайын,
Кызматыңды кылайын-дейт

**Кемпир -** Жок. Чаарчыкты соемун.

Шорпосуна тоемун-деп сараң кемпир, жалынган энесине карабай, аянычтуу бакырган улактын буттарын байлай баштайт.

Ач көз кемпирдин ырайым кылбастыгын билген элик, күүлөнүп келип сүзөт.

**Кемпир -** Чек-чек!
Өлөт алгыр. Сениби – деп, кармоого тап берет.



**Элик -** Оңбогун, кемпир, оңбогун,
Баламды мынча кордодуң!
Мээрими жок, жез кемпир.
Селейип, каткан таш болгун!-деп каргайт.



Ошол учурда балдарын ээрчиткен келин келип калат.

**Келин -** Энеке! Балдар көптөн бери ысык тамак ичише элек. Ачкалыктан ичтери курулдап, аябай кыйналышты. Казаныңызды берип туруңузчу?-дейт.

**Кемпир -** Казанга бышыргандай эмне таптыңар?-дейт көзү кызарып сугалактанып.

**Келин -** Кайнак сууга чаңыт кылгыдай, эптеп улпак таптык эле.

**Кемпир -** Улпак - унду кайдан алдыңар?



**Келин -** Ышкындын түбүн жанчып, чымчым унулпак кылдык.

**Кемпир -** Ага, майды кайдан алдыңар?

**Келин -** Май кайда? Кайберендин сүтүн кошолу дедик эле.

**Кемпир -** Жок. Жок казаным жок.

**Келин -** Алдагы, турган казанчы?

**Кемпир -** Казанымды бербеймин. Мага келбегиле. Кеткиле! Жанымдан кеткиле! Ачка болмоктон болгула. Жалпың жайрап калгыла!-деп, кемпир казанын башына көтөргөн бойдон алардан качып, чуркап жөнөйт.


Ниети жаман кемпирге ачуусу келген келин:

**Келин -** Бар буюмду, жок дедиң,
Казаныңды бербедиң
Казаныңды кийип
Таштай болуп катып кал!-деп каргайт.

Жаккан отун өчүрбөй, ар нерсеге сугалактана чуркаган ач кемпирдин кесепетинен кууруган караган-бутактар тутанып, өрт чыгат. Заматта жашыл аймак түтүнгө чулганып, жалын көтөрүлөт. Гүлдөп



турган долоно, шилби, табылгы, четин, ыргай, арча, кайыңдар, алардын түбүн мекендеген жапайы канаттуу куштардын уялары, кайберендердин,



илбесиндердин ийиндерин өрт чулгайт. Кайберен, канаттулардын качканы качып, качалбаганы өрттөнүп жок болот.

Айланадагылардын баары чуру-чуу түшүп сараң кемпирге ызырынышат.

Казанын башына көтөрүп, чуркап бараткан кемпирди көрүшкөн кайберендер да чуулдаша жек көрүшүп:

Жалгыз жүрүп, жайрап кал,
Казаныңдай катып кал!-дешип каргашат.



Заматта алай-дүлөй катуу шамал пайда болуп, ышкырган куюн сараң кемпирди дегдеңдеткен бойдон учуруп жөнөйт



-А-а-а!-деген ач көз кемпирдин үнү аска- зоону жаңыртат. Куюн аны бийик аска бетине алпарып таштайт. Айлана жымжырт боло, шамал токтогондо келин менен жаш балдар, кайберендер жабыла карашса, казанын башына кийген кемпир аска бетинде ташка айланып, катып калыптыр.

Ал жер, бүгүнкү күнгө дейре эл оозунда «Каргаша» деп аталып жүрөт. Эгер көргүңөр келсе айтылуу Алай аймагындагы Гүлчө айылына келгиле? Ага жакын жердеги Жошолу деген айылга бараткан жол боюндагы аска бетинде катып калган «Каргашаны» көрөсүңөр.


Редактору: *А.Султанов*
Техн. редактору: *М.Маматалиев*
Сүрөтчүсү: *Ч.Жээнбеков, О.Сакиев*
Компьютердик калыпка салган: *Н.Кыбыраев*

Терүүгө 13.02.2009 берилди. Басууга 12.03.2009 кол коюлду.
Көлөмү 1 басма табак. Нускасы 1000.
Ош ш., Курманжан Датка-287. ЖЧК «Кагаз Ресурстары» басмаканасы.





3с

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 472326